Усулдук бирикмелер тууралуу ЖОБО

I.ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1 Усулдук бирикмелер жалпы билим берүү уюмдарынын усулдук кызматынын структуралык бөлүгү болуп эсептелет, мугалимдерди предметтер, билим берүү чөйрөлөрү, тарбиялык иштердин түрлөрү боюнча бириктирет.

1.2.Усулдук бирикмелер бир (бир нече) билим берүү чөйрөсүндө же чөйрөлөрүндө сабак өткөн үчтөн кем эмес мугалимден түзүлөт (КР орто жалпы билим берүүнүн Алкактык улуттук куррикулумунун сунушу менен)

- тилдик (мамлекеттик,расмий,эне тили (өзбекче,тажикче) жана чет тилдери);
- социалдык (тарых, жарандык таануу, этика,экономика);
- математикалык (математика, алгебра, геометрия);
- табигый-илимий (химия,биология,физика,география,астрономия);
- технологиялык (кол эмгек,черчение жана дизайн,компьютердик сабаттуулук);
- ден соолук маданияты (дене тарбия, сергек жашоо мүнөзү,жашоо ишмердигинин коопсуздук негиздери,биология “Киши”);
- искусство (көркөм адабият,музыка,көркөм-сүрөт чыгармачылыгы,дүйнөлүк көркөм маданияты)
- башталгыч класстар

Жогорку же биринчи категориядагы предметтик-мугалим (класс жетекчиси) башкарат.

1.3.Ишмердүүлүктүн негизги багыттары,маани- маёызы, формасы,иштөө усулу билим берүү уюмунун милдеттерине жана максаттарына ылайык, анын мүчөлөрү аркылуу белгиленет жана билим берүү уюмунун усулдук кеңеши тарабынан бекитилет.

1.4.Билим берүү  уюмдарында тарбиячылардан,класс жетекчилерден жана башкалардан турган усулдук бирикмелер да түзүлүшү мүмкүн.

1.5. Билим  берүү уюмдарынын алдына коюлган милдеттерди комплекстүү чечүү зарылдыгына жараша усулдук бирикмелердин саны аныкталат, усулдук кеёештин чечими менен белгиленет жана билим берүү уюмунун директорунун буйругу астында бекитилет.

1.6. Усулдук бирикменин курамына кирген мугалимдер окуучуларды тийиштүү билим беүү чүйрөсүнө (чөйрөлөрүнө) дал келген предметтер боюнча даярдашат.

1.7.Усулдук бирикмелер директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарынын (директордун илимий-усулдук иштери боюнча орун басарынын) сунушу боюнча билим берүү уюмунун директорунун буйругу менен түзүлөт,кайра түзлөт же жоюлат.

1.8. Усулдук бирикмелер түздөн- түз  директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басарына баш иет (директордун илимий-усулдук иштери боюнча орун басары).

1.9. Усулдук бирикмелер ъз ишмердүүлүгүндь Конституцияны, КР мыйзамдарын жана билим берүү чъйръсүндөгү нормативдик-укуктук документтерди жетекчилике алат.

II.МУГАЛИМДЕРДИН МЕКТЕПТЕГИ УСУЛДУК БИРИКМЕЛЕРИНИН МАКСАТТАРЫ

2.1.Усулдук бирикмедеги педагогдордун чеберчилигин жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле жаш педагогтордун кесиптик өнүгүүсүн колдоо (насаатчылык)